КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

**МЫЙЗАМ**

---

# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТЕРДИ ИШТЕТҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОЛ-ЖОБОСУ

## Максаты жана мазмуну

**1-берене:** Бул жол-жобонун максаты - Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде саатына акы алып иштеген студенттердин санын, аларды тандоонун, ишке алуунун шарттарын, жумалык иштөө убактысын, айлык маянасынын өлчөмүн ж.б. аныктоо.

## Аныктамалар

**2-берене**: Бул жол-жободо төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

  - **Университет:** Кыргыз-Түрк “Манас” университети;
  - **Ректорат:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректораты;
  - **Ректор:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору;
- **Окумуштуулар кеңеши:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңеши;
  - **Башкаруу кеңеши:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Башкаруу кеңеши;
  - **Баш катчы:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Баш катчысы;
  - **Саатына акы алып иштеген студент:** КТМУда саатына акы алып иштеген, кызматкер деп эсептелбеген студент;
  - **Түзүм:** Студент саатына акы алып иштеп жаткан түзүм;
  - **Түзүмдүн жетекчиси:** Студент саатына акы алып иштеп жаткан түзүмдүн жетекчиси.

## Студенттерди саатына акы төлөп иштетүү

**3-берене:** Зарыл болгон учурда КТМУда студенттер саатына акы алып иштей алышат. Ошол эле учурда оор, адистикти / чеберчиликти талап кылган же жүк көтөрүү сыяктуу тобокелдүү жумуштарда студенттердин иштөөсүнө уруксат берилбейт.

## Түзүмдөрдүн студенттерди иштетүү боюнча талабы

**4-берене:** Студенттерге саатына акы төлөп иштетүүнү каалаган түзүмдөр жыл сайын сентябрь айынын алгачкы эки жумасынын ичинде анын негиздүүлүгүн белгилөө менен Баш катчылыкка кайрылышы керек.

**Саатына акы алып иштеген студенттердин санын аныктоо**

**5-берене:** Саатына акы алып иштеген студенттердин саны, түзүмдөрдүн өзгөчөлүктөрү, түзүмдөрдө аткарылышы керек болгон иштер, адам ресурстарына болгон талап жана студенттерди саатына акы төлөп иштетүүгө кеткен чыгымдар бюджеттин абалы эске алынуу менен аныкталып, түзүмдөр жана Баш катчылык тарабынан жыл сайын сентябрь айынын үчүнчү аптасында ректоратка сунушталат.

**Жарыя**

**6-берене: (1)** Студенттерди саатына акы төлөп иштетүү, иштей турган студенттерге коюлган талаптар жана алар аткара турган иштин өзгөчөлүгү тууралуу жарыя бул жобонун 5-беренесине ылайык, зарыл болгон учурларда КТМУнун веб-баракчасында, түзүмдөргө тиешелүү маалымат такталарында жана аудиторияларда кураторлор тарабынан октябрь айынын башында жарыяланат.

2. Аталган жарыяда кайсы түзүмдөрдө, кандай ишке канча студент талап кылынары жана ал иш тууралуу маалымат, саатына акы алып иштей турган студентке коюлган талаптар, жумалык иш убактысы жана бир сааттык иш үчүн төлөнүүчү акы, арыз берүү үчүн керектелүүчү документтер,  арыз берилген жер жана датасы  так көрсөтүлүшү керек.
3. Иштөөнү каалаган студент өзү билим алып жаткан түзүмгө жарыяда белгиленген мөөнөт ичинде саатына акы алып иштөө бланкын толтуруу менен кайрылуусу керек.

**Саатына акы алып иштеген студентке коюлуучу талаптар**

**7-берене:**

1. (1)өзгөчө статустагы студенттер эмес, КТМУда катталган студент болушу керек;
2. (2)кадимки окуу жылында билим алып жаткан студент болууга тийиш;
3. (3)иштөө үчүн жетиштүү билимге, көндүмгө жана жөндөмгө ээ болушу зарыл;
4. (4)тартип жазасын албаган болушу керек;
5. (5)төмөнкү курстарда сабакка катышпаганынан (F1) улам кайталап окуп жаткан сабактары болбошу керек; экинчи жолу кайталап окуп жаткан сабактарынын саны экиден ашпоого тийиш;
6. (6)ишке кирүүгө арыз жазып жатканда академиялык өргүүдө болбошу шарт;
7. (7)жер титирөө, сел ж.б. табигый кырсыктардан жапа чеккенин, жетим же майып экенин документ менен тастыктаган студенттерден бул берененин 2- жана 3-пункттарынан башка пункттардагы талаптар талап кылынбайт.

**Саатына акы алып иштечү студенттерди тандоо жана ишке алуу үчүн сунуштоо**

**8-берене: (1)** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде саатына акы төлөө менен жумушка алына турган студенттин бул жол-жобонун 7-беренесиндеги талаптарга жооп берер-бербеси, анын каржылык абалы, иштей турган жумушуна шык жана жөндөмдүүлүктөрүнүн туура келер-келбеси Баш катчы, Студенттик иштер башкармалыгынын башчысы, Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгынын башчысынан турган комиссия тарабынан аныкталат:

1. жер титирөө, сел ж.б. табигый кырсыктардан жапа чеккенин, жетим же майып экенин документ менен тастыктаган студенттер;
2. дипломдук иш жазып жаткан магистранат же докторант;
3. ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын окуп жаткан магистрант жана докторант;
4. даярдоо курсунда окуп жаткан магистрант же докторант;
5. колледж жана бакалавр программаларында окуп жаткан студент;
6. даярдоо курсунда окуп жаткан колледж жана бакалавр программаларынын студенти.

**(2)** Комиссия тарабынан саатына акы алып иштеген студенттердин тизмеси ректордун бекитүүсүнө сунуш кылынат. Ректор тарабынан бекитилген тизме КТМУнун веб-сайтында жарыяланып, тиешелүү студенттерге түзүмдөр тарабынан маалымдалат.

**Күнүмдүк, жумалык иштөө мөөнөтү**

**9-берене. (1)** Саатына акы алып иштеген студенттин иштөө мөөнөтү:

1. дипломдук иш жазып жаткан магистрант же докторант жумасына эң көп 30 саат;
2. даярдоо курсунда же / жана сабактарга толук катышып жаткан магистрант же докторант жумасына эң көп 25 саат;
3. колледж жана бакалавр программаларында окуп жаткан студент жумасына эң көп 15 саат иштей алат.

**(2)** жуманын ичиндеги иштей турган иш күндөрү, иштеп баштоо жана аяктоо убактысы студент иштеп жаткан түзүмдүн жетекчиси тарабынан аныкталат.

**(3)** мыйзам боюнча улуттук, ошондой эле бардык майрам деп эсептелген күндөрдө иштөөгө милдеттүү болбосо да, жуманын аягында, түнкүсүн жана майрам күндөрү иштеген түзүмдөр студенттерди саатына акы төлөө менен иштете алат.

**(4)** кафетерийлерде же башка ушул сыяктуу жумуштарда иш убактысынан тышкары саатына акы алып иштеген студенттин иштөө убактысы жогоруда көрсөтүлгөн чектөөлөр менен чектелбейт.

**Эмгек акы төлөө жана жумуш убактысы**

**10-берене: (1)** Саатына акы алып иштеген студенттин эмгек акысы $Y + \frac{Y}{4}$ формуласы менен эсептелет. Бул формулада Y студенттерге берилген бир тамактын баасы дегенди билдирет.

**(2)** Саатына акы алып иштеген студенттин иштөө графиги ай сайын студент иштеген түзүм тарабынан түзүлөт жана акысы Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгы тарабынан ай сайын

студенттин эсебине чегерилет.

**(3)** Студенттер академиялык календарда күзгү семестрдин башталышынан жазгы семестрдин аягына чейин саатына акы алып иштей алышат.

**(4)** Саатына акы алып иштеген студент университеттин стипендиясын ала албайт жана студенттерге жардам берүү фондунан пайдалана албайт. Стипендия алууга укугу бар студентке саатына акы алып иштеп жаткан учурунда стипендия төлөнбөйт.

**(5)** Саатына акы алып иштеген студент түзүмдүн жетекчисинин сунушу боюнча кийинки окуу жылында да иштей алат.

**Иштин аныктамасы жана иш ордун өзгөртүү**

**11-берене: (1)** Саатына акы алып иштеген студенттин аткара турган иштери жана милдеттери тууралуу маалымат ал иштеген түзүм тарабынан алдын ала аныкталып,  даярдалган иш планы студентке берилет.

**(2)** Түзүмдүн жетекчилери зарыл деп эсептеген учурларда, саатына акы алып иштеген студенттин иш ордун алмаштыра алышат.

**Милдеттүү түрдө ишти улантуу**

**12-берене:** Саатына акы алып иштеген студент көрсөтүлгөн иш убактысында жумуш ордунда болууга милдеттүү жана иш убактысы аяктаганга чейин жетекчинин уруксатысыз жумуш ордун таштап кете албайт.

**Саатына акы алып иштеген студенттин жүрүм-туруму, милдети жана жоопкерчилиги**

**13-берене:** Саатына акы алып иштеген студент:

**(1)** иштеп жаткан түзүмдүн аброюна жана кадыр-баркына доо кетире турган иш-аракеттерди жана жүрүм-турумдарды жасабайт;

**(2)** түзүмдүн жетекчилери жана кесиптештери менен дайыма сый мамиледе болууга, өз ишин так, толук жана өз убагында аткарууга милдеттүү;

**(3)** тапшырылган ишти тийиштүү ченемдик-укуктук эрежелерге жана жетекчилердин көрсөтмөлөрүнө ылайык аткарууга милдеттүү жана жооптуу;

**(4)** жумуш ордунда аныкталган эмгек шарттарына, эмгек тартибине, эмгекти коргоо эрежелерине, нускамаларга, жол-жоболорго жана буйруктарга баш ийүү менен эмгектенүүгө милдеттүү;

**(5)** өз ишин кылдаттык менен чын дилден аткарууга, өзүнө дайындалган мүлктү коргоого жана ар бир талап кылынган учурда ишке чыгууга даяр болууга милдеттүү.

**Бланктардын даярдалышы**

**14-берене:** Студенттин саатына акы алып иштөө үчүн кайрылуу бланкы, саатына акы алып иштеген студентке акы төлөө үчүн ж.б. бланктар Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгы тарабынан даярдалат.

**Башка жоболор**

**15-берене:** Жайкы каникулда иштеген студенттерге бул жол-жобонун тиешеси жок.

**Бул жобонун күчүнө кириши**

**16-берене:** Бул жол-жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин 2023-2024-окуу жылынын башынан тартып күчүнө кирет.

**Ишке ашырылышы:**

**17-берене:** Бул жол-жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору тарабынан ишке ашырылат.

*Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 25-майындагы 2023-09.41(а)-номерлүү чечими менен кабыл алынган.*